- Жазуу жумуштарында макалдарды пайдалануу**:** Баяндамаларда, чыгармаларда макалдарды пайдаланууну үйрөтүү керек.
- Макалдардын тарыхын үйрөнүү: Макалдардын кайдан келгенин, алардын маанисинин өнүгүшүн түшүндүрүү.
- Макалдардын авторлорун билүү: Макалдар эски замандарда пайда болгондуктан, алардын авторлору белгисиз. Бирок, макалдардын тарбиялык маанисин түшүндүрүү маанилүү.
- Макалдар боюнча сүрөттөр чыгаруу: Балдарга макалдар боюнча сүрөттөр чыгарууга тапшырма берүүгө болот.
- Макалдар боюнча ырлар жазуу: Балдар өз чыгармачылыктарын көрсөтүп, макалдар боюнча ырлар жаза алышат. [4]

Жыйынтыктап айтканда, башталгыч класстын балдары адептүүлүк нормаларын терең өздөштүрүп, өз бойloруна, жүрүм-турумдарына сиңирип, турмушта өз алдынча пайдаланууга өбөлгө түзүп берүүбүз шарт. Аларды патриот, мекенчил, күчтүү, адептүү, сырткы конкуренцияга туруштук бере алган инсан катары тарбиялоо биздин жана коомдун талабы болуп жатат. Улуттук баалуулуктарыбызды ыйык сактап, аларды муундан-муунга мурас катары өткөрүп берүү, улуу муундардын атуулдук парзы болуп саналат.Тарыхын сактаган, тегин тактаган улуулуктарын, баалуулуктарын урматтаган келечек ээлерин даярдап берүү биздин милдет. Балдарга эң оболу адам катары чыныгы жашоону, чыныгы Мекенге берилгендикти, адептүүлүк, сылыктыкты үйрөтөлү. Эл-жерибизди чын жүрөктөн, кан-жаныбыз менен сүйүүнү үйрөтөлү. Ошондуктан өзүбүздүн улуттук баалуулуктарыбызды ыйык тутуп, көзүбүздүн карегиндей сактап, улуттук сезимибизди, ар-намысыбызды ойготолу. [5]

**Колдонулган адабияттар:**

1. Б.Апышев. Д.Бабаев., Т.Жоробеков «Педагогика» Ош2000.
2. А.Алимбеков «Кыргыз этнопедагогикасы». Б.:1996.
3. Д.Алымкулов «Ата-эне жана бала» Мектеп басмасы Б.:1975.
4. Касымов Тыныбек, Миталипов Камалидии «Үй - бүлөдөгү мектепке чейинки бала тарбиясы» Б.:2010.
5. Акматалиев, А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү /А.Акматалиев. – Б.: Шам, 2000.

УДК: 374(821.512.154) https://doi.org/10.56122/..v2i2.254

# «ЭЛ МЕНЕН СЕН БИЙИКСИҢ, ЭЛДЕН ЧЫКСАҢ КИЙИКСИҢ" АТАЛЫШЫНДАГЫ КЛАССТАН ТЫШКАРЫ ИШТЕРДИ УЮШТУРУУНУН МЕТОДИКАСЫ

# МЕТОДИКА ОРГАНИЗАЦИИ ВНЕКЛАССНОЙ РАБАТЫ «С НАРОДОМ ТЫ ВЕЛИК, ВНЕ НАРОДА — ТЫ НИКЧЕМНЫЙ»

# "YOU ARE HIGH WITH THE PEOPLE, METHODOLOGY OF ORGANIZING ACTIVITIES OUTSIDE THE CLASSROOM UNDER THE TITLE "IF YOU STAND OUT FROM THE CROWD, YOU WILL BE A DEER"

Наркеева Акылай Анарбековна, ОшМПУ, улук окутуучу
E-mail: akylai.narkeeva@gmail.com

***Аннотация:*** Бул макалада Барпы Алыкуловдун “Ынтымактуу эл менен чыгармасынын” тематикасын балдарга терендетип жеткирүү максатында **«Эл менен сен бийиксиң, Элден чыксаң кийиксиң"** деген аталыштагы класстан тышкаркы уюштуруу иштери орто мектептерде жүргүзүлдү. Класстан тышкаркы иштерди уюштуруунун негизги максаты: балдарды сахнадан ыр аркылуу таануу; баланы окууга шыктандыруу; мектеп куракта балдарды китепке кызыктыруу; жашоого болгон көз караштарын өзгөртүү; жандуу

көрсөтүүдө көңүл бурдуруу; реалдуу жашоону көздөө; ички туюмдарын жаркын жашоого үндөө максатында иш чара өз максатына жетти десек болот. Ошондой эле акындын басып өткөн жолу, жашоо - турмушу, кыйынчылыгы, курсантчылыгы ырларынын тематикасынан окурмандарга маалым. Ал эми биздин максат учурдагы балдарды өз алдынча китеп окууга үндөө. Акын менен ырлары аркылуу таанышуу, сахналык чеберчилигин арттыруу болуп эсептедик десек болот. Макалдагы сценарий Ноокат районунун Тажибай атындагы жалпы орто билим орто мектебинин 5-9-класстар аралык көркөм окуу конкурсунан тандалып алынган окуучулардын катышуусунда аткарылды**.**

***Түйүндүү сөздөр:*** класстан тышкаркы иштер, сахна, социалдык байланыш, командалык иш, креативдүүлүк, эмоционалдык активдүүлүк, физикалык активдүүлүк, иш-чара, кесиптик көндүм, сценарий,эл.

**Аннотация:** В данной статье, чтобы глубоко донести до детей тему Барпы Алыкулова «Общество с народом», в общеобразовательных школах были организованы внеклассные занятия под названием «С народом ты велик, вне народа — ты никчемный Основная цель организации внеклассной работы: узнавать детей со сцены через песни; поощрять ребенка учиться; заинтересовать детей книгами в школьном возрасте; изменить свои взгляды на жизнь; сосредоточьтесь на живом шоу; ищите реальную жизнь; Можно сказать, что мероприятие достигло своей цели, чтобы побудить внутренние чувства жить ярко. Читателям также сообщается о пути, жизни, трудностях поэта, его учебе. И наша цель – побудить нынешних детей читать книги самостоятельно. Можно сказать, что мы рассматривали это как способ познакомиться с поэтом через его песни и улучшить его сценическое мастерство.Сценарий в статье выполнен при участии учащихся, отобранных на межхудожественном конкурсе 5-9 классов Тажибайской общей средней школы Ноокатского района.

**Ключевые слова:** внеклассная деятельность, этап, социальное взаимодействие, работа в команде, творчество, эмоциональная активность, двигательная активность, событие, профессиональная жизнь, сценарий, люди.

**Annotation:** In this article, in order to deeply convey to children the theme of Barpa Alykulov "Society with the people", extracurricular activities were organized in comprehensive schools under the title "With the people you are great, outside the people you are worthless. The main goal of organizing extracurricular activities: to get to know children from the stage through songs; to encourage the child to study; to interest children in books at school age; to change their views on life; to focus on the live show; to look for real life; It can be said that the event has achieved its goal to encourage inner feelings to live vividly. Readers are also informed about the poet's path, life, difficulties, his studies. And our goal is to encourage today's children to read books on their own. We can say that we considered this as a way to get to know the poet through his songs and improve his stage skills. The script in the article was written with the participation of students selected at the inter-artistic competition of grades 5-9 of the Tazhibai general secondary school of the Nookat district.

**Key words:** extracurricular activities, stage, social interaction, teamwork, creativity, emotional activity, physical activity, event, professional life, scenario, people.

## Киришүү

Классташ тышкаркы иштерди уюштуруу – бул окуучулардын социалдык, эмоционалдык жана академиялык өнүгүшүнө чоң таасир этүүчү аракет. Мындай иштердин пайдалуу жактарына төмөнкүлөр кирет:

1**. «Социалдык байланыштар»:** Классташтар менен биргеликте өткөрүлгөн иш-чаралар достук мамилелерди бекемдейт, жаңы байланыштарды түзүүгө жардам берет.

2**. «Командалык иш»:** Тышкаркы иштер окуучуларды командалык иштөөдө тажрыйба алууга жана лидерлик сапаттарын өнүктүрүүгө жардам берет.

3. **«Эмоционалдык өнүгүү»:** Жаңы тажрыйбаларды алуу, кыйынчылыктарды жеңүү жана жетишкендиктерди бөлүшүү окуучулардын эмоционалдык интеллектин жана өзүн-өзү баалоосун жакшыртат.

4. **«Физикалык активдүүлүк»:** Тышкарky иштер физикалык активдүүлүктү камсыз кылат, бул ден соолукка оң таасирин тийгизет.
5. **«Креативдүүлүк»:** Иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү креативдүүлүктү, инновацияны жана ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө шарт түзөт.
6. **«Кабыл алууну үйрөнүү»:** Ар кандай адамдар менен иштөө, алардын көз караштарын угуу жана сыйлоо билим берүүчү тажрыйба болуп саналат.
7. **«Кесиптик көндүмдөрдү өнүктүрүү»:** Тышкарky иштер окуучуларга пландоо, уюштуруу жана башкаруу боюнча практикалык көндүмдөрдү үйрөтөт.
8. **«Курамдык иштер»:** Классташтардын арасында биргелешкен максаттарды коюу, учурдагы көйгөйлөрдү чечүү жана жыйынтыкка жетүү мүмкүнчүлүгүн түзөт.
9. **«Жаңы билим алуу»:** Тышкарky иштер жаңы нерселерди үйрөнүүгө, кызыктуу тажрыйбаларды багыттоого жана билимди кеңейтүүгө шарт түзөт.

Ошентип, классташ тышкарky иштерди уюштуруу окуучулар үчүн ар тараптуу өнүгүүнүн маанилүү аспектиси болуп саналат. Барпы Алыкуловдун "Ынтымактуу эл менен" ырына негизделген сценарий сунуштайм. Бул сценарий ырдын тематикасын жана маанисин чагылдырууга багытталган. Ошондой эле баланын турмуштук салыштырууларын туура жолго коюу.

**Изилдөөнүн методу жана жыйынтыгы**

Класстан тышкарky иштерди жүргүзүүдө билим берүүчүлүк, чыгармачылык, социалдык жактан өнүгүп, өсүүгө өбөлгө түзөбүз. Ошондук балдар менен викториналар, дебаттар, илимий эксперименттер, сахна-сабактары өтүлүп туруусу абзел.

**Жыйынтыктоо жана талкуулоо**

Мында балдардын аткаруу чеберчиликтери, мимика, жест, интонацияга туура басым жасалышы, сахнанын кооздугу, элдин кунт коюп кабыл алуусу, көрүүчүлөр менен каармандардын байланышына көзөмөл жүргүзүлөт. Элдин кабыл алуусунан улам соңку анализ, натыйжа келип чыгат.

**Сабактын максаты**

Класстан тышкарky иштерди уюштурууда негизги максат - ийгиликтүү өткөрүү, жаңы идеяларга ээ болуу, анын турмуштагы ордун анализдөө, катышуучулардын активдүүлүгүн арттыруу, ошондой эле ошол сценарийден кийинки окуучулардын берген сунуштарын эске алуу, элдин оюн угуу, аткаруучу каармандардын мажбурлап табууга эмес, ыктыярчы каармандарды табууга жетишүү жана бирден бир максат балдарды адабиятка, окууга, акындардын ырлары менен тааныштыруу. Натыйжада, окуучулар менен мугалимдер өз алдынча иш алып барып, окуу жөндөмдүүлүктөрүн бир топко көтөрүү. Адам эл менен адам болорун даңазалоо максатында иш чарага басым жасоо.

**Кеченин жүрүшү**

**Сценарий: "Эл менен"**

1. Киришүү (Кадр 1)

Табияттын кооз көрүнүшү, тоолор, ашар, чөптөр.

Фондук музыка: Ырдын мелодиясы.

**Көрүнүш:**

"Табият менен элдин ортосундагы байланышты, адамдын жаратылышка жана өз элине болгон сүйүүсүн чагылдырган ыр."

***2. Сцена 1: Табият***(Кадр 2)

**Актёрлор:** Табиятты чагылдыруучу адамдар (окуучулар).

**Атмосфера:** Ата-бабалардын жараткан жеринен келген мурас (алып баруучу үн коштойт. музыка менен).

**Дыйкан (актёр):**

*(Күлкү менен)*

"Табият—биздин байлыгыбыз, жер—биздин ата-бабаларыбыздын ыйык ыры."

Актёрлор чөп жыйнап, айылдын жаратылышын сүрөттөп жатышат.

***3. Сцена 2: Элдик салттар*** (Кадр 3)
**Атмосфера:** Элдик майрам, адамдар чогулуп, ырдап, бийлеп жатышат.
Элдин өкүлү: "Бүгүн биз бирге, бир туугандай болуп, ырдап, бийлеп, салттарыбызды сактап жатабыз."[5]
Адамдар бирге ырдашып, элдик бийлерди бийлеп жатышат.
4***. Сцена 3: Адамдык сезимдер*** (Кадр 4) *(Аткаруучулардын жан дүйнөсү менен чыгармадагы каармандар менен кошо жашап жаткандыгы билинип уруусу*).
**Актёрлор:** Жаш жуп, бири-бирине сүйүүсүн билдирип жатышат.
**Жигит:** "Мен сени сүйөм, сенин менен бирге болуу менин бактым." [7]
**Кыз:**"Биздин сүйүүбүз элдин биримдигинде, биз биргебиз!" [7]
Алар бирге ырдап, табияттын кооздугунда сүйүүсүн чагылдырат.
5. ***Сцена 4: Тарых*** (Кадр 5)
**Атмосфера:** Ата-бабалардын мурасын, тарыхын чагылдырган сахна.
**Элдик акыны:** "Биздин тарыхыбыз, ата-бабалардын жоокерлиги, мурас катары бизге калган." [7] Актёрлор тарыхый кийимдерде, мурас тууралуу айтып жатышат.
**6. Адамдарын өзгөртүү** (Кадр 6)
Эл чогулуп, колдору менен жогорку деңгээлде биригип, "Эл менен" ырынын мелодиясын ырдашат.
**Чакырык:** "Эл менен, жаратылыш менен, биз биргебиз. Биздин күчүбүз - биримдигибизде." [7]
**7. Чыныгы жашоо менен коомдук байланыш** (Кадр 7)
Табияттын кооздугу, адамдардын биримдиги.
Фондук музыка акыркы ноталар менен толуктап турушу.
**Чакырык:** "Барпы Алыкуловдун ырларыбыздын негизинде, эл менен жаратылыштын байланышын улантууга чакырат."
**8.Көркөм ыр айтышат.** (Ар бир класстан тандалып алынган окуучулар катышуусунда көркөм ырлар айтылат).

**1.Окуучу (Диана, 5-класс):**
**ЫНТЫМАКТУУ ЭЛ**
Ынтымактуу эл болсо,
Таалай, багы ачылат.
Ынтымагы жок элдер
Талааларга чачылат.
Ынтымагы бар элдин
Эли чогуу жыйылат.
Ынтымагы болбосо,
Айылы качып суюлат. [10]

**2 – окуучу (Адинай, 5-класс) :**
Ынтымагы бар элдин
Корообу каттык коюлат.
Ынтымагы жок элдин
Кара көзү оюлат.
Ынтымагы бар элдин
Жайытта малы чырмалат.
Ынтымагы жок элдин
Жардысы качып кыйналат.
Ынтымагы бар элдин
Калага карды ток болот. [10]

**3 – окуучу (Ынтымак, 7-класс) :**
Ынтымагы жок элде
Бириге бири октолот.
Ынтымагы бар элдин
Дүркүрөп өсөт балдары.
Ынтымагы жок элдин
Сөзүнөн чыгат жалганы.
Ынтымагы бар элдин
Имерип келет мейманы.
Ынтымаксыз эл болсо,
Чекелеп качат тууганы.
Ынтымактуу эл болсо,
Адил болот улугу. [10]

**4 – окуучу (Ынтымак, 5-класс) :**
Ынтымагы жок элдин
Ичинен чыгат бузугу.
Ынтымактуу эл болсо
Кеңеш берет карысы.
Ынтымагы болбосо,
Тозуп качат баарысы.
Ынтымактуу эл болсо,
Катар конот айылы. [10]

**5 – окуучу (Ынтымак, 8-класс):**
Ынтымагы жок элдин
Эч билинбейт тайыны.
Ынтымагы бар элдин
Жарып сүйлөйт чечени.
Ынтымагы жок элдин
Жабылып сүйлөйт нечени.
Ынтымагы бар элдин,
Пайгеден озот күлүгү,
Ынтымагы жок элдин
Жемекей болот улугу.
Ынтымагы бар элдин
Келишимдүү баариси.
Ынтымагы жок элдин

**6 – окуучу (Умар, 7-класс) :**
Ынтымагы жок болсо,
Тууганга тиет залалы.
Ынтымактуу эл болсо,
Душманга намыз алдырбайт.
Туура кеңеш көрсөтөт,
Туугандын көөнүн калтырбайт.
Ынтымаксыз эл болсо,
Тууганга кеңеш салдырбайт.
Бузуктук кылбай жөн жүрбөйт.
Ынтымактуу эл болсо,
Бар кыялы келишет.
Элиден чыккан жардыга
Чарбак жыйып беришет.

Сөзүнүн кетет мааниси.
Ынтымагы бар элдин
Жетилет текши жигити.
Ынтымагы жок элдин
Тетири болот үгүтү.
Ынтымактуу эл болсо,
Меймандос болот аялы. [10]

Ынтымактуу эл болсо,
Душманга тийген ок болот. [10]

7 – **окуучу (Назик, 6-класс) :**
Ынтымаксыз эл болсо,
Дыркырап качып жок болот.
Ынтымак эл биригет.
Ынтымаксыз бүлүнөт.
Ынтымак элдин бакты бар,
Имерилген калкы бар.
Ынтымактуу жакшы элдин
Бир-бириге паркы бар. [10]

9. **Аягы** (Кадр 8)

Актёрлор бирге чогулуп, көрүүчүлөргө кол булгап, сахнанын артынан чыгышат.

Табияттын көркөм көрүнүшү, фондук музыка акыркы ноталар менен.

**Корутунду**

Бул сценарий "Эл менен" ырынын темаларын жана маанисин чагылдырууга багытталган. Сценарийдин негизинде элдин биримдиги, табиятка болгон сүйүү жана адамдык сезимдерди көрсөтүүгө аракет кылынды. Ошондой эле балдар аткаруу менен чыгарманы эске сактап калуусу, жаттоосу, эл алдында чыгуусу, элге болгон патриоттук сезими ойгонуп, айрым окуучулар кесип тандоого да багыт ала алышат. Анткени саханада образ жаратуу да ырахат алуу менен бүтүндөй ошол каарманды ачып берүүгө аракет кылышып, көрөрмандардан мыкты каалоо-тилектерди укканда бала кесипке ээ болот деп айта алам. Элден калбай, эл менен адам болорун, эл жок болсо тозорун билдирүүгө жетиштик.

**Адабияттар:**


1. А.Турдугулов, Б.Оторбаев. Көркөм сөз өнөрү. Кыргыз адабияты Бишкек, 2008-ж.
2. Б.С. Исаков, Ч.Б. Исакова. Кыргыз адабияты Бишкек 2002-ж
3. Кыргыз Республикасынын обончулары/Кыргызпатент/ Түз.: А.Чекиров, Ү.Калыева. – Б.: 2010. 120-б.
4. Тандалган чыгармалар. – Ф.: Кыргызмамбас, 1955. – 284 б.
5. Мектеп жөнүндө ыр. – Ф.: Кыргыз окуу педмамбас, 1957. – 45 б.